МАКУЛДАШЫЛДЫ
Пед.кенештин отуруму №1
29.04.2014ж

БЕКИТЕМИН
ИКИПКнын директору
Б.А.Жумабаева

# ПЕДАГОГДУН ЭТИКАЛЫК ЖОБОСУ

Балыкчы ш.
2014-ж.

## Педагогдун этикалык кодекси

Педагогдун Этикалык Кодексинин нормаларынын негизин төмөнкү негизги принциптер түзөт: адамгерчилик, адилеттик, кесипкөйлүк, жоопкерчилик, чыдамкайлык, демократиялуулук, өнөктүк жана тилектештик.

Негиги нормалар

**I. Педагогдун инсандыгы**

1. Педагогдун кесиптик этикасы өз ишине берилгендикти жана өз милдетин аткаруудагы жоопкерчилик сезимди талап кылат.
2. Педагог өзүнө өзү талапты коё билет жана өз билимин өркүндөтүүгө умтулат.
3. Педагог өзүн дайыма жаңылантып туруусу зарыл.

**II. Жоопкерчилик.**

4. Педагог өзүнө жүктөлгөн бардык окуу-тарбия иштеринин сапаты жана анын жыйынтыгы үчүн толук жоопкерчиликти мойнуна алат.
5. Педагог студенттерди физикалык, интеллектуалдык, эмоционалдык жана рухий жактан коргоого толук милдеттүү.
6. Педагог администрация тарабынан берилген функциялады так аткарууга милдеттүү.

**III. Авторитет, ар-намыс, репутация.**

7. Педагог өзүнүн жүрүш-турушу менен калыптанып калган педагогдук кесиптин ар-намысын колдойт жана коргойт.
8. Педагог жаш муундарга улуттун жана жалпы адамзаттын маданий баалуулуктарын өткөрүп берет жана маданий өнүгүүнүн процессине активдүү катышат.
9. Өзүнүн тарбиялануучулары менен баарлашууда педагог өзүн сый-сыпаттуу алып жүрөт. Ал этиканын нормаларын сактай билет жана аткарат.
10. Педагогдун кадыр-баркы компетенттүүлүккө, адилеттүүлүккө жана тарбиялануучуларга камкордук көрүүгө негизделет.
11. Педагог өзүнүн репутациясынбаалайт жана барктайт.

**IV. Башка адамдар менен мамиле түзүү. Педагогдун студенттер менен баарлашуусу.**

12. Педагог студенттер менен баарлашуунун керектүү стилин тандап алат жана өз ара сыйлашууга негизденет.
13. Педагог студентке позитивдүү талап коюу менен мамиле кылат.

14. Педагог студенттерди өз алдынчалыкка, өзүн-өзү көзөмөлдөөгө, өзүн-өзү тарбиялоого жана кызматташа билүүгө үйрөткөн методдорду тандап алат.
15. Педагог студенттерди өз күчүнө ишене билүүгө, алардын активдүүлүгүн өнүктүрүүгө тарбиялайт.
16. Педагог бардык студенттерге жакшы мамиле кылып, аларды бирдей көрөт, жаңылыштык кетиргендердин катасын оңдойт.
17. Педагог студенттердин билимин баалоодо объективдүүлүккө жана адилетүүлүккө умтулат, жазуу экзамендериндеги текшерүү иштериндеги студенттердин кетирген каталарын туура жана так оңдоп, тиешелүү баасын коёт.
18. Педагог ар дайым өзүнүн сүйлөшүү жана баарлашуу маданиятына кам көрөт. Анын лексикасында вульгаризм, жаман сөздөр менен сүйлөө, оройлук жана мазактоочулук болбошу керек.

## V. Педагогдор арасындагы баарлашуу.

19. Педагогдор арасындагы өз-ара мамиле коллегиалдуулук, өнөктүк жана сый-сыпат принциптерине таянат. Педагог өзүнүн эле кадыр-баркын көрбөстөн, өз коллегаларынын да кадыр-баркын коргойт. Ал өз коллегаларын тарбиялануучулардын жана башкалардын көзүнчө кемсинтпейт.
20. Педагогдор өз-ара конфликттерге жол беришпейт. Өз-ара түшүнбөстүктөр келип чыкса, чыр-чатактар конструктивдүү жолдор менен чечилет.
21. Колледждин педагогдору жалпы ишти аткарууда өнөктөштөрүнө жолтоо кыла турган конкуренцияга жол беришпейт. Педагогдорду бири-бирине жардам берүү, кодоо, ачыктык жана өз-ара ишеним бириктирет.
22. Коллегалардын, администрациялык ишмердүүлүгүнө баа берүү педагогдун укугу жана милдети болуп эсептелет. Сын айтуу колледждин сыртында болбостон, ичинде гана болушу керек.
23. Сын айтуу менен сындалып жаткан педагогдун беделин түшүрбөш керек. Сын айтуу негиздүү, конструктивдүү, жакшылык каалоо ниетинде болушу керек. Маанилүү проблемалар жана чечимдер ачык педагогикалык дискуссияларда талкууланат.

## VI. Администрация менен өз-ара мамиле.

24. Администрациянын ар бир педагог менен болгон мамилеси тең укуктуулук принцибине негиздилет.
25. Педагогдордун ар кандай статустары, квалификациялык категориялары педагогдордун өз пикирлерин айтуусуна жана алардын тең укутуулугуна жолтоо болбошу керек.

26. Колледждин директорунун берген баасы жана чечимдери так, даана болуп фактыларга жана педагогдордун реалдуу эмгегине негизделиши керек.
27. Колледждеги маанилүү педагогикалык чечимдер жалпы коллективдин ачык-айкын талкуусунан кийин кабыл алынат.

VII. **Студенттердин ата-энелери менен мамиле**.

28. Педагогдор студенттердин ата-энелери менен урмат-сый жана жакшылык каалоо аркылуу баарлашуусу керек.
29. Педагогдор ата-энелерге балдарды тарбиялоо көйгөйлөрү боюнча консультация берип, ата-энелер менен балдардын ортосунда болгон конфликттерди жоюуга жардам кылышы керек.
30. Педагогдор менен ата-энелердин биргелешкен иш-аракети балдарды туура жолго багыттоодо таасирдүү күч болушу керек.

**VIII. Коомчулук менен өз-ара мамиле.**

31. Педагог мугалим гана эмес, ал коомдук агартуучу, маданий баалуулуктардын сактоочусу, үлгүлүү жана билимдүү адам.
32. Педагог коомго өзүнүн салымын кошууга аракеттенет. Ал коомдук турмушта чоң роль ойнойт, конфликттердин алдын алып, ар кандай көйгөйлөрдү чечүүгө далалат кылат.
33. Педагог өзүнүн жарандык парзын жана социалдык ролун туура түшүнүп, так аткарат.